Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты), психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешининин өткөрүлгөн кезектеги отурумдун

**№ 17 ПРОТОКОЛУ**

Бишкек шаары 31.05. 2024

Катышкандар:

1. Муратов А. Ж. (төрага) – п.и.д., профессор, 13.00.02
2. Омурбаева Д. К. (окумуштуу катчы) – п.и.к., доцент, 13.00.02
3. Ажиматов О. А. - пс.и.к., доцент, 19.00.01
4. Акажанова А. Т. – пс.и.д., доцент, 19.00.07
5. Акматов.К. К. – п.и.д., доцент, 13.00.02
6. Батаканова С. Т. – п.и.д., профессор, 13.00.02
7. Добаев К. Д. – п.и.д., профессор, 13.00.02
8. Манликова М. Х. – п.и.д., профессор, 13.00.02
9. Мукамбетова А. С. – п.и.д., доцент, 13.00.02
10. Перленбетов М. А. – пс.и.д., профессор, 19 00.01, 19.00.07
11. Рысбаев С. К. – п.и.д., профессор, 13.00.02
12. Сыдыкбаева М. М. – п.и.д., доцент, 13.00.02
13. Үкүева Б. К. – п.и.д., доцент, 13.00.02
14. Хасанов Н. Б. – п.и.д., доцент, 13.00.02
15. Чыманов Ж. А. – п.и.д., профессор, 13.00.02

Отурумга катышкан адис окумуштуулар:

1. Супатаева Э. А. – п.и.к., ага илимий кызматкери, 13.00.02
2. Куканова М.А. - п. и.к., 13.00.02
3. Тагаева Г. С. – п. и.к., 13.00.02
4. Абдухамидова Б. А. – п.и.к., И. Арабаев ат. КМУнун доц.м.а. 13.00.02

Жыйындын төрагасы: п.и.д., профессор А. Ж. Муратов

Жыйындын катчысы: п.и.к., доцент Д. К. Омурбаева

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** аттуу кыргыз тили адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Чогулушту отурумдун төрагасы п.и.д., профессор А. Ж. Муратов ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды. Диссертациялык тема жана илимий жетекчи педагогика илимдеринин доктору, профессор Чыманов Жеңишбек Арыпович дайындалып, Батыралы Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин 2020-жылдын 30-ноябрындагы № 3 протоколу менен бекитилген.

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Добаев К.Д.
2. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Сыдыкбаева М.М.
3. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев С.К.

Иш Батыралы Сыдыков атындагы Кыргыз Өзбек эл аралык университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасында аткарылган.

Кашкариева Миргул Абибиллаевна аталган университеттин кыргыз филологиясы кафедрасында ага окутуучу болуп эмгектенет.

Отурумдун төрагасы, п.и.д., профессор А. Ж. Муратов илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн изденүүчүгө сөз берди.

Диссертациялык иштин кыскача мазмуну жана практикалык жыйынтыктары тууралуу изденүүчү Кашкариева Миргул Абибиллаевна төмөндөгүлөргө: изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөө объектиси, изилдөө предмети, изилдөөнүн максаты жана милдети менен кошо аларды ачып берүүгө токтолду.

**Изденүүчү:** Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү! Диссертациялык иштин темасы «Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»деп аталат. Илимий жетекчи:Чыманов Жеңишбек Арыпович, педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** 21-кылымда кескин тездеген ааламдашуу процесси, маданияттардын интеграцияланышы, баалуулуктардын өзгөрүшү жалпы адамзаттын жашоого, турмушка карата көз-караштарын башка нукка буруп, мурдагы көнүмүш инерцияны жаңылоо керектигин талап кылды. Натыйжада советтик түзүлүштөгү калыптанган мектеп, орто жана жогорку билим берүү тармактары бүгүнкү күндө гимназия, колледж, бакалавр,

магистратура дегендей жаңы формаларды практикага киргизди. Алар тез өзгөрүп жаткан коомго ыкчам жана эффективдүү кызмат кылууга багытталды.

Учурда саламаттыкты сактоо, экономика ж.б. тармактарда өзгөрүүлөр болуп жаткандыгы мыйзам ченемдүү көрүнүштөрдөн. Ушул сыяктуу ааламдашуу процессиндеги өзгөрүүлөргө адаптациялашкан адистерди даярдоо-учурдун орчундуу проблемаларынын бири. Ал адис мамлекеттик тилди сыйлай билген, ички руханий дүйнөсү бай, адамдык сапаты жогору, ден соолугу чың инсан болуу менен өз элинин этникалык маданиятын, салттуу тарбия көрөңгөлөрүн сыйлай билген инсан болушу керек.

Бул талап КР Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» (2021) «Улуттук нарк тууралуу» (2022) жарлыктарында өзгөчө чоң милдет катары бүт коомчулуктун алдына коюлган. Демек билим берүү тармактарында, колледжерде да окутууну өркүндөтүүнүн методикалык негиздерин иштеп чыгуу учурдун актуалдуу маселеси болуп турат.

Кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуп үйрөтүү иш-аракеттерине бул багытта жарык көргөн бир нече методикалык эмгектер өз салымдарын кошуп келет. Бирок, бүгүнкү күндө колледждерде кыргыз тилин окутууда студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча изилдөөлөр чар-жайыт экендиги байкалат.

Колледж атайын орто кесиптик билим берүүчү окуу жайы катары 2000-жылдардын башынан тартып ачылып, Кыргызстандагы билим берүүчү, адистерди даярдоочу келечектүү мекеме катары таанылган. Орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларында окууга болгон суроо-талаптар улам барган сайын өсүп, колледждердин көбөйүшү, даярдалуучу адистиктер да учур талабына ылайык улам арбып бара жатат.

Ошентсе дагы колледждин окутуучулары менен аңгемелешип, пикир алышып, эксперимент жүргүзүп, өзүбүз иликтеген теманы колледжде окутууда бир нече **карама-каршылыктар** орун алганын аныктадык:

**Жогоруда белгиленген актуалдуу маселелерди** чечүү үчүн, кыргыз тилин колледждерде окутуу процессинде ар бир студенттин баарлашуу маданиятын арттыруу проблемаларын чечүү изилдөө ишибиздин темасын: **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деп алууну шарттады.

**Изилдөөнүн максаты:** колледждерде кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларын иштеп чыгуу, анын жыйынтыктарын эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү жана практикада колдонууга сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Коммуникативдик компетенттүүлүк маселесин лингвистикалык жана психологиялык жактан иликтеп, жалпылаштыруу;
2. Колледждерде кыргыз тилин окутуудагы коммуникативдик компетенттүүлүккө негизделген технологияларды иштеп чыгуу;
3. Колледждерде кыргыз тилин окутуунун теориядагы, практикадагы абалын үйрөнүү жана аны жакшыртуунун жолдорун белгилөө;
4. Колледждерде кыргыз тилин окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын жана методдорун аныктап, изилдөөдөн алынган натыйжаларды эксперименттен өткөрүү жана практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн объектиси** – колледждерде кыргыз тилин окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети –** колледждерде кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу

**Илимий изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

1. Коммуникациянын лингвистика менен психология жана педагогикада изилдениши талдоого алынуу менен, аны кыргыз тилин окутууда пайдалануунун теориялык негиздери берилгендигинде;
2. Студенттердин кыргыз тилинде коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн негизги каражаты катары кеп ишмердүүлүгү алынгандыгында;
3. Коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологияларынын иштелип чыгышында.
4. Колледждерде кыргыз тилин окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын жана методдорун аныктап, изилдөөдөн алынган натыйжалары алгач ирет практикага киргизилиши.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:**

Изилдөөдөн алынган натыйжалар, практикалык сунуштар, сабактын моделдери, технологиялары колледждерде кыргыз тилин компетенттүүлүккө негиздеп окутууга даяр маалыматтарды бере алат. Кыргыз тили сабагынын мазмунун, окутуунун ык-жолдорун өркүндөтүүгө, окутуунун натыйжаларын жакшыртууга кызмат кылат.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууда баарлашуу боюнча лингвистика жана психология илимдеринин тыянактарына, жыйынтыктарына таянуу менен алардын педагогикада иштелип чыгышын айкалыштыруу гана жакшы натыйжаларга жетишүүгө шарт түзөт.

2. Кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууда педагогикалык-дидактикалык жана психологиялык проблемалары менен биримдикте чечилиши зарыл.

3. Коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууда күтүлүүчү натыйжаларды окутуунун интерактивдүү методдорун чыгармачылык менен колдонуу азыркы мезгилдин талабы болуп саналат.

**Изденүүчүнүн жекече салымы**

Изилдөөдөгү теориялык, методикалык жана практикалык маселелери толугу менен изденүүчү тарабынан жекече иштелди. Практикалык сунуштарды берүүдө илимий-методикалык эмгектерге таянуу менен изденүүчүнүн жеке тажрыйбасы да пайдаланылды. Коммуникативдүүлүктүн кыргыз тили сабагында колдонуунун ык-жолдору технологияларынын үлгүлөрү өз алдынча иштелди. Алынган натыйжалар, сунуштар боюнча сабактар изденүүчүнүн өзү тарабынан өтүлдү жана анын сунуш кылган үлгүлөрү менен педагогикалык эксперименттик текшерүүлөрдөн өтүп, алынган жыйынтыктар боюнча иштин мазмунуна толуктоолор изденүүчү тарабынан өз алдынча иштелди.

**Илимий изилдөөнүн натыйжарын тастыктоо (апробациялоо).**

Республикалык жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда, тегерек столдордо, ар кандай тренингдерде изилдөөнүн жүрүшү, анын натыйжалары боюнча илимий баяндамалар жасалды, талкууланды. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары республикалык илимий басылмаларда, илимий журналдарда жарыяланды.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы –** Батыраалы Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин кесиптик колледжи, М.М.Адышов атындагы Ош технологиялык университетинин гуманитардык-технологиялык колледжи, Баткен областындагы М.М.Таиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун орто кесиптик билим берүү бөлүмү жана Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Жалал-Абад колледжинде сабактар өтүлүп талкууланды.

**Биринчи бап** Диссертациянын 1-баптын бөлүмдөрү **«Коммуникациянын лингвистикада изилдениши»**, **«Коммуникациянын психологияда изилдениши»** жана **«Баарлашуунун педагогикалык жактан иштелиши»** деп аталып, анда **«коммуникативдүүлүк»**, **«баарлашуу»**, **«компетенция»** ошондой эле **«коммуникативдик компетенттүлүк»** түшүнүктөрүнө терминологиялык анализ берилди. Коммуникациянын теориясынын негизги максаты – коммуникациянын проблемаларын, коомчулук менен байланышкан чөйрөлөрдөгү адистердин коммуникативдик мүмкүнчүлүктөрүн окуп-үйрөнүү, коомдук социалдык

системасында иштеген адамдын зарыл болгон баарлашуу чөйрөлөрүндө керектүү болгон коммуникативдик компетенттүүлүгүнүн маанисин, жолун иликтөө. Бул аныктамадан көрүнүп тургандай, коммуникациянын теориясы предметинин изилдөөлөрү, алардын жыйынтык-сунуштары тил үйрөнүүчүнүн коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырып, өркүндөтүүдө керектүү теориялык жана практикалык материалдарды бере алат.

**Экинчи бап «Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталып иштин методологиясы менен методдоруна жана толугу менен эксперименталдык- тажрыйбалык иштердин жүрүшүнө багытталып, коммуникативдик компетенттүүлүккө калыптандыруунун жолдору, ыкмалары, шарттары тууралуу кенен сөз болот.

**2-баптын биринчи бөлүгү изилдөөнүн материалдары жана методдору деп аталып, изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык изилдөө методдору көрсөтүлгөн.** Колледждерде окууну каалагандардын санынын өсүшү тиешелүү министрликтердин, айрыкча, Билим берүү жана илим министрлигинин азыркы кыргыз коомунун социалдык, адистик суроо-талаптарын, белгилүү бир адистерге болгон муктаждыктарын аныктап, тактап, аларга ылайык улам жаңы адистиктерди ачууга болгон алгылыктуу аракеттерине да байланыштуу болууда. Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик негизде окутуу учурдун актуалдуу маселеси бойдон турууда. Айрыкча өткөөл курактагы колледждин студенттеринин коммуникативдик иштеринин канааттандыраарлык деңгээлде эмес экендиги бул маселени тереңден ар тараптуу изилдөө зарылдыгын туудурат. Биздин изилдөө ишибизде кыргыз тилин окутуунун азыркы абалы жана көйгөйлөрү изилденди ошондой эле эксперименттик иштер жүргүзүлүп окутуу жана тарбиялоо иштеринде колледждерде кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларын колдонуунун зарылдыгы бекемделди.

**2-баптын экинчи бөлүгүндө педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү жана жыйынтыктары каралды.** Эксперименттик иштерге Ош областындагы Батыраалы Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин кесиптик колледжи, М.М.Адышов атындагы Ош технологиялык университетинин гуманитардык-технологиялык колледжи, Баткен областындагы М.М.Таиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун орто кесиптик билим берүү бөлүмү жана Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Жалал-Абад колледжи тандалды.

**3-бап. Илимий иштин 3-бабында «Колледждерде кыргыз тилин коммуникативдик компетенцияга негиздеп окутуунун технологиялары»**

деп аталып, анда кыргыз тили боюнча өтүлүүчү ар бир сабак коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандырууга багытталышы тууралындагы аныктоо киргизилген. Сабакта студенттер сүйлөй билүүдө, маектешүүдө, баарлашуунун, лексикалык, грамматикалык материалдарды пайдалануу менен оозеки, жазуу түрүндөгү байланыштуу кебинин, башкаларды уга билүү менен, өзүнүн ой-пикир, көз карашын далилдеп, коргой алуунун көндүмдөрүнө ээ болууга милдеттүү. Студенттер коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу үчүн барынан мурда сүйлөмдөр грамматикалык жана лексикалык жактан туура түзүлүшү жана сүйлөшүп жаткан экинчи жакка түшүнүктүү болушу үчүн тилдик билимдерге ээ болушу керек.

Тил илиминин тарыхын алып карасак, сүйлөө маданияты, чеберчилиги сыяктуу коммуникативдик аспектиге кийинчерээк эле көңүл бурула баштаганы белгилүү. Андан сөз ченемдик лингвистикадан, тилдик бирдиктерди синхрондук абалда сыпаттоодон коммуникативдик лингвистикага, тилди турмушта колдонуунун практикалык маселелерин изилдөөгө өтүү процесси башталат. Мына ушунун натыйжасында тил илиминде «ченем», «байланыштуу кеп», «кеп маданияты», «чечендик өнөр» сыяктуу жаңы тармактар, окуулар, илимдер башка тилдерде калыптанган. Ал эми кыргыз тил илиминде бул багыттардагы изилдөөлөр дагы деле изилдөөнүн үстүндө.

**3-баптын биринчи бөлүгү** «Коммуникативдик багытта окутуунун педагогикалык-дидактикалык негиздери» деп аталып, анда коммуникативдүүлүктүн иш жүзүнө ашуу жолдору тил менен байланышта каралат. Тилдик компетенциясыз коммуникативдик компетенция түзүлүшү мүмкүн эмес. Коммуникативдик компетенция компетенттүүлүктөрдүн негизгилеринин бири - болуп саналат жана аны түптөө окуу процессинин бардык предметтик тармактары менен камсыз болушу керек.

Кыргыз тилинде маалымат алуу менен студент аны өз турмушунда кеңири колдоно алат. Себеби, коммуникативдүүлүккө багытталган кыргыз тили сабагы студенттердин өз эне тилинде туура сүйлөөсүнө, өз оюн башкаларга ачык, так жеткире билүүсүнө, баарлашуу чеберчилигине, оозеки кеп ишмердүүлүгүнө, маектешүү, пикирлешүү, баяндама, дил баян, эссе жаза алуусуна өбөлгө түзөт. Кептин ар түрдүү стилдери жана түрлөрү боюнча практикалык иштерди аткара алуусу, кырдаал шартка ылайык логикалуу, далилдүү сүйлөй билүүсүнө, иш кагаздарынын үлгүлөрүн даярдай алуусуна, тактап айтканда, кыргыз тили сабагынан алган билгичтик, көндүмдөрүн өзүнүн турмушунда кенен пайдалануу менен, муктаждыжтарын канааттандыра алуусуна жетиштирет.

**3-баптын экинчи бөлүгү** «**Кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутуунун психологиялык негиздери**» деп аталып, анда коммуникативдүүлүктүн ишке ашуу жолу психология менен да байланышта тураарлыгына бир нече окумуштуулардын илимий пикирлерин атап көрсөтүү менен кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутууда анын психологиялык негиздерин аныктап алуунун теориялык жана практикалык мааниси бар экендиги иште айтылат. Бул жагын эске алып, орус педагогу К.Д.Ушинский «Психологиялык илим педагогиканы үйрөнүү үчүн маанилүү кызыгууну туудурат, себеби ал бизди психологиялык байкоолор менен көпчүлүк акылдуу жана тажрыйбалуу педагогдорду жана эң башкысы биздин көңүлүбүзгө байкоого алынбай калынуучу предметке биздин жеке оюубузду көңүл буруубузду туура багыттайт» - деп көрсөтөт.

Окутуучу студенттердин сабакка жакшы көңүл буруусуна жана окуу иштерин ийгиликтүү чечүүнүн бирден-бир зарыл шарты болуп эсептелет. Чындыгында эле, колледждин курагындагы студенттер өтүлүп жаткан сабакка тиешелүү даражада көңүл бурбаса, анда окуу жайында сабак берген окутуучу каалагандай натыйжага жетишүүгө мүмкүн эмес. Турмушта көрбөгөн, билбеген, укпаган нерсени, тактап айтканда предметти окуп-үйрөнүү процессинде таанып билмейинче кабыл албайт.

Көрүнүктүү психолог И.А.Зимняя айткандай «Балдардын психологиялык өнүгүүсү сырткы чөйрөнү кабыл алуу жолу менен жүрөт. Баланын өсүп чоңоюшунун жүрүшүндө кабыл алуу процессинин ырааттуу калыптанышында эң жакшы мисал болуп, анын сөздү кабыл алуусу саналат» -деп айтат. Студент уккан жаңы сөздү кабыл алуу менен, сөзүн күнүмдүк турмушта өз алдынча пайдалана алат жана аны сүйлөшүү практикасынын активдүүлүгүнө жараша андан ары уланта билет.

**3-баптын үчүнчү бөлүгү** «Колледждерде кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун интерактивдүү методдору» деп аталды. Колледждердеги кыргыз тилин инновациялык окутуу формаларынын ык-усулдарын колдонуунун зарылдыктарынын бири ал сабакты уюштурууда гана эмес, анын ар бир бөлүгүндө, башкача айтканда окутуунун мазмуну менен формасын, окутуу усулдарын, ал тургай студенттердин билимин баалоо критерийлерин да жаңылоону, аны азыркы мезгилде өнүккөн өлкөлөр колдонгон деңгээлди эске алуу менен кайра карап чыгууну талап кыла тургандыгын эске алуу зарылдыгын туудурат.

Тактап айтканда, инновациялоо иштери колледждерде окууну пландаштырганга жана өткөргөнгө келгенде өтө маанилүү маселелер менен байланыштуу экендигин билебиз. Алардын бири – инновациялык сабактардын ык-усулдарына, формаларына карата окутуу максатынын коюлушу болуп

саналат. Мына ушул жерге келгенде окутуучулардын көз караштары ар башка экендигин белгилей кетүүгө тийишпиз. Биз колледждеги окутуучулардын инновацияга карата көз караштарын билүү үчүн сурамжылоо иштерин жүргүзгөнүбүздө, алар инновацияны таптакыр жаңы, салттуу сабактар менен эч кандай байланышы жок катары карашкан учурларын көп кездештирдик. Ошондой эле инновациялык сабактардын өзүнчө иштелмеси болгондой эле алардын өзүнө гана таандык теория жана практикасы болуу керектигин идеялаштырылган ойлор студенттер арасында арбын экендигин байкадык. Окутуучуларга берген суроолордо сабактагы инновациялык бөтөнчөлүктү көбүнчө сабактын жабдылышына карай баалай тургандыгын да, колледждин окутуучуларынын анкетабызга берген жооптору ырастады. Негизинен, окутуучулар студенттер менен иштөөдө канчалык көрсөтмөлүүлүк көп болсо, аны пайдалануу ыкмалары баары бир жаңычылдыкты түзө тургандыгын, окутуучу менен студенттердин кызматташуусуна кеңири мүмкүнчүлүк берээрин, натыйжада андай каражаттар студенттин сабакка карата кызыкчылыгын ойготоорун белгилешкен жана өздөрү сабакта пайдаланган натыйжага ээ кылуучу каражаттарды да, ыкмаларды да атап көрсөтүүгө жетишишкен. Анда кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде кыргыз тилин окутууда текстти колдонуунун теориялык жана практикалык маселелери соңку жылдары атайын изилдөөгө алынып, диссертациялык иштер жазылып, атайын методикалык эмгектер жарыяланып келгендигине назар салуу менен, бул маселе боюнча окумуштуу-педагогдор К.Д.Добаев, С.К.Рысбаев, Ж.А.Чыманов, А.Эшиев жана башкалардын эмгектерин белгилөөгө болот. Профессор К.Д. Добаев: «Текст- үчүн малыматтын булагы, түшүнүүнүн жана окуп үйрөнүүнүн обьектиси»-деп аныктаса, Ж.А. Чыманов: «Текст-кыргыз тилин окутуунун мазмунунун негизги өзөгү» - катары карайт. Ал эми кыргыз эл жазуучусу, профессор С.К.Рысбаев: «Текст-кеп ишмердүүлүгүнүн продуктусу, текстти окутууну этнопедагогикалык нукта өркүндөтүү проблемасы кыргыз педагогика илиминин алдында учурдагы актуалдуу маселе» - деп белгилеп, аны этнопедагогикалык негизде окутууну жана изилдөөнү маанилүү деп билдирет.

Кыргыз тилин колледждерде окутууда сабактын максатын тилдик жана кептик деп экиге бөлүп аныктоо жана ошол тартипте окутуу иштери жүргүзүлүп, ал өзүнүн айрым алгылыктуу натыйжаларын бере баштады. Биз кыргыз тилин колледждерде окутууда студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө сабакка «тилдик» жана «кептик» деп эки максатты коюп окутууну алгылыктуу жана натыйжалуу деп эсептейбиз. Мындай сабак конкреттүү текст аркылуу такталган тилдик жана кептик максаттарды көздөшү керек. Кыргыз тилин коммуникативдик

компетенттүүлүккө негиздеп окутууда колледждин студенттерин текстти талдоого, текст менен иштөөгө үйрөтүүнүн практикалык мааниси өзгөчө деп эсептейбиз. Анткени бүгүнкү күндөгү иш берүүчүлөрдүн коммуникативдик компетенттүү, баарлашуусу жогорку деңгээлдеги бүтүрүүчүлөргө суроо талабы күч.

**Практикалык сунуштар:**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган жалпы жыйынтыктар колледждерде кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутууда төмөнкүдөй практикалык сунуштарды айтууга негиз берди:

1. Кыргыз тилин колледждерде окутууда коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу жагы лингвистикалык, педагогикалык жана психологиялык аспектиде толук кандуу иштелбей жаткандыгы мындай маанилүү жумуштардын мазмуну менен формаларын дайыма жакшыртууну талап кылат.

2. Колледждин кыргыз тили окутуучуларынын кыргыз тили предметин коммуникативдик компетенттүүлүктүн негизинде натыйжалуу окутуу ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык, дидактикалык, илимий-методикалык, адабий-теориялык негиздерин, шарттарын жана өбөлгөлөрүн системалуу негизде иштеп чыгуу сунуш кылынат. Анткени студенттерде коммуникативдик компетенттүүлүккө калыптандыруу азыркы күндөгү иш берүүчүлөрдүн эң негизги суроо-талабы.

3. Кыргыз тили предметин окутуунун теориялык, педагогикалык, дидактикалык жана илимий-методикалык принциптерин теория менен практиканын айкалышында караган мезгилде анын жеке предметтик (методикалык) принциптерин артыкчылыкта кароо сунушу бар.

4. Студенттин адеп-ахлагын, инсандык касиеттерин, сабаттуу оозеки жана жазуу речин калыптандырууда, кесиптик лексиканын алкагында кыргыз тилин окутуунун коммуникативдик компетенттүүлүккө негизделген технологиялары предметтик компетенттүүлүктүн базасы катары каралышы керек.

5. Колледждерде кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун жана сабактарда инновациялык методдорду колдонуп иштелген илимий-методикалык негиздери окутуунун натыйжалуу формалары, жолдору жана каражаттары катары каралышы максатка ылайык

6. Колледждерде кыргыз тилин өздөштүрүү боюнча сабактарды уюштуруунун методикалык сунуштары иштелип чыккан ар бир изилдөө, анын эксперименталдык иштеринин натыйжалары тынымсыз практикага сунушталып туруушу керек.

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер, суроонуздар болсо бериңиздер. Авторефераттын 5-адабиятында көрсөтүлгөн макаланы кимдер менен биргеликте чыгаргансыз, анткени бул жерде жалгыз өзүңүздүн аты-жөнүңүз турат.

**Изденүүчү:** Мында коммуникативдик компетентүүлүктү информациялык технологиялар менен байланышта окутуу мазмунундагы макала Journal of Positive School Psychology Vol.6. no 4 (2022) журналына башка авторлор менен биргеликте чыккан болчу, ондоолорду киргизебиз.

**БатакановаС.Т.:** Коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруунун методологиясы жөнүндө айтып бериңиз? Кимдердин кайсыл илимий эмгектерин карадыңыз?

**Изденүүчү:** Бул маселеге кыргыз педагог окумуштууларынан И.Б. Бекбоев (2011), К.Д.Добаев (2012), С.К. Рысбаев (2014), М.Х. Манликова, А.Муратов, Ж.А. Чыманов, В.И. Мусаева ж.б. кайрылып, өз изилдөөлөрүнүн максатына ылайык сөз кылышкан. Кыргыз тилин жана адабиятын окутууну инновациялоо, компетенттүүлүктөргө негиздеп жүргүзүү маселелери боюнча Б.М.Акматов(1016) жана А.С. Муканбетованын (2011) эмгектерин баса белгилөөгө болот. Ал эми кыргыз тилин экинчи тил катары жогорку окуу жайларында коммуникативдик багытта окутуунун методикасын К.А. Биялиев ар тараптуу изилдөөгө алып, докторлук диссертациялык ишин коргогон. Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин тилдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери М.М. Сыдыкбаеванын (2016)докторлук диссертациясында ошондой эле ЖОЖдордо кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүдө текст менен иштөөнүн методикасы З.Ж. Каразакованын (2012) кандидаттык диссертациялык ишинде каралган. Ал эми колледждер боюнча соңку жылдарда окутуу процессинде кыргыз тилин окутууда текстти колдонуунун методикасы аттуу Н.Р. Сурановaнын (2017) кандидаттык диссертациялык ишин айтсак болот.

Бирок, жогоруда аталган эмгектерде колледждин студенттеринин коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу темасы атайын сөз кылынып, илимий иликтөөгө алынган эмес.

Ошондуктан, биздин тема жогорудагы диссертациялык иликтөөлөр менен байланышта болгону менен биртоп орчундуу айырмачылыктарга ээ. Кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуп үйрөтүү иш-аракеттерине бул багытта жарык көргөн бир нече методикалык эмгектер өз салымдарын кошуп келет. Бүгүнкү күндө колледждерде кыргыз тилин окутууда студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн

өркүндөтүү боюнча изилдөөлөр чар-жайыт экендиги байкалат. Колледж атайын орто кесиптик билим берүүчү окуу жайы катары 2000-жылдардын башынан тартып ачылып, Кыргызстандагы билим берүүчү, адистерди даярдоочу келечектүү мекеме катары таанылган. Орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларында окууга болгон суроо-талаптар улам барган сайын өсүп, колледждердин көбөйүшү, даярдалуучу адистиктер да учур талабына ылайык улам арбып бара жатат.

**Батаканова С.Т.:** Коммуникативдик компетентүүлүктү калыпыптандырууда. Кандай технологияларды пайдаландыңар?

**Изденүүчү:** Биз иште студенттердин коммуникативдик компетентүүлүгүн калыптандыруу үчүн топтук технологиясы, квест технологиясы, проблемалык окутуу технологиясы, сын-ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясы жана санариптик технологиясы пайдаланылды. Анткени эксперименттик иштерде аталып жаткан технологиялардын баары колледждердин студенттеринин коммуникативдик компетентүүлүктөрүн калыптандырууда алгылыктуу натыйжага жетишүүгө көмөк берди.

**Манликова М.Х.:** Кашкариева Миргул Абибиллаевна, сиздин илимий ишиңиз коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча экен. Сиздер кандай технологияны иштеп чыктыңыздар жана аны кантип сунуштайсыздар?

**Изденүүчү**: Рахмат суроонузга, колледждерде кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун жана сабактарда инновациялык методдорду колдонуп ар бир студенттин коммуникативдүүлүккө калыптаныруу максатындагы кырдаалга даярдоо, жана коммуникативдик технологияга калыптандыруу жагы каралды.

**Манликова М.Х.:** Колледждерде деңгээлдерге таянылып сабактар өтүлдүбү. Эгер өтүлсө кайсыл деңгээлдерге таянып окуттуңар?

**Изденүүчү**: Орто кесиптик окуу жайларына эксперименттик иштин аныктоочу максаты менен алгач барганыбызда студенттерден деңгээлдик тесттер алынган. Иш андан нары студенттердин деңгээлдерине жараша Б1 жана Б2 деңгээли менен сабактардын иштелмелери даярдалды. Иштин жүрүшүндө айрым адистиктер боюнча пилоттук тайпалар боюнча иш алып барылганда бул максатка жетүүгө жеңилдиктер болду.

**Манликова М.Х.:** Кеп ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча сабактар өтүлдүбү. Мисалы угуу ишмердүүлүгү боюнча сабактын иштелмелери кантип даярдалды?

**Изденүүчү:** Угуу ишбердүүлүгү боюнча сабак өтүүдө биз санарип технологиясы менен алгылыктуу натыйжаларга жетише алдык десем болот. Мисалы аудио уктуруу жана сабактын максатына ылайык кино кесиндилерин

көрсөтүп уктурууну айтсак болот. Биз бардык адистиктерге улуттук нарктуулукту даңазалөо максатында лексикалык тема учурунда угуу ишмердүүлүгү иш-аракети жүргүзүлгөн. Мисалы Алымбек датка, Курманжан Датка туурасындагы кино уктурууну пайдаландык жана максатка жеттик.

**Манликова М.Х.:** Студенттерди кайсыл критерийге негиздеп бааладыңар?

**Изденүүчү:** Биз бардык окуу жайларынын АВНдик баалоонун чен-өлчөмүнөн алыс кете албадык. Анткени ар бир аралык модуль үчүн көрсөтүлүп берилген. Бирок биз ишмердүүлүктүн негизинде өзүбуз үчүн иштеп чыккан баалоонун чен-өлчөмүнө да таяндык, жыйынтык баа окуу жайынын баалоонун чен-өлчөмү үчүн даярдалып бекитилген жобосуна дал келет.

**Манликова М.Х.:** Сиздер колледждерде эксперименталдык иштерди жүргүзүүдө кайсыл окуу китебине таяндыңар, кайсыл автордун китеби меннен иштедиңер?

**Изденүүчү**: Негизинен З. Тагаеванын (10-класс), Н.Абылаеванын (11-класс) жана Р.Эгембердиевдин (11-класс) окуу китептерин багыт катары пайдалануу менен башка дагы филологиялык багыттагы илимий эмгектерди пайдаландык. Негизинен айтканда колледждер үчүн атайын кыргыз тили сабагы үчүн окуу китеби түзүлгөн эмес.

**Муратов А.Ж.:** Кайсыл типтүү программаларды карадыңар?

**Изденүүчү**: Биз колледждердеги “башталгыч класска билим берүү” адистигинин, “электрдик камсыздоо” адистигинин, “укук таануу” адистигин кыргыз тилин типтүү программаларына таянганбыз.

**Төрага:** Урматтуу отурумдун мүчөлөрү, суроо-жооп бүтсө, анда талкууга өтөлү. Алгач жетекчисине сөз берилет.

**Чыманов Ж.А.:**Урматтуу кесиптештер, төрт беш жылдан бери Кашкариева Миргул менен аталган теманын үстүндө иштеп келе жатабыз.

Тема тандалган күндөн баштап график түзүлүп, түзүлгөн графиктин боюнча ишти этабы менен берип жатты. Негизгиси, диссертантта ой бар, жазуу стили жакшы, проблеманы көрө билип, ал маселенин чечүүнүн жолдорун тапканды билип, таап алган жолдорун ишке ашыруунун каражаттарын билүү диссертациялык ишти жазуунун негизги факторлору болуп эсептелет.

Минавар Халыковна айткандай айрым кемчиликтерге мен да жетекчи катары көзөмөл кылам. Кемчилиги жок жумуш болбойт. Эске алышыбыз керек болгон сунуш-пикирлерди, параметрлерди эске алабыз. Ал үчүн сиздерге ыраазычылык билдиребиз.

**Төрага:** Урматтуу отурумдун мүчөлөрү, эксперттерге сөз берели. Сөз п.и.д., профессор К. Д.Добаевге берилет.

**Добаев К.Д.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Мен бул диссертацияны аябай кызыгуу менен окуп чыктым.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде жана кыргыз тилин окутуунун практикасындагы көйгөйлүү маселелердин бири кыргыз тилин колледжерде окутуунун заманбап технологияларын иштеп чыгуу, практикага сунуш кылуу, окутуу, үйрөтүү иштерин турмуш тастыктап турат. Пикир айтылып жаткан бул диссертациялык иш колледждердин студенттеринин коммуникативдик компетенттүүлүк негиздерин аныктоого арналгандыгы менен актуалдуу.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүүдө изденүүчү кыргыз, орус, казак жана өзбек элдерде жарык көргөн илимий-теориялык, методикалык эмгектерди ыктуу пайдаланган. Натыйжада, иштин илимий-методикалык аппараты алгылыктуу негизделген.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу темага арналган, өз убагында иштелген жана колледждерде кыргыз тилин окуткан окутуучуларга, кыргыз тилин үйрөнүүчүлөргө арналган, толук бүткөн, практикалык мааниге ээ эмгек экенин кароого болот.

Илимий изилдөөнүн жаңылыгы жана теориялык баалуулугу болуп:

-Коммуникациянын лингвистика менен психология илимдеринде изилдениши иликтөөгө алынып, алардын педагогикада иштелип чыгышы талдоого алынып жана кыргыз тилин окутууда пайдалануунун теориялык маселелери аныкталып берилгендигинде;

-Студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн негизги каражаты катары кеп ишмердүүлүгү алынгандыгында;

-Коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологияларынын иштелип чыгышында.

Диссертацияда орфографиялык жана пунктуациялык каталар кеткен. Диссертацияда орфографиялык жана пунктуациялык каталар кеткен.

Ырас, жогоруда айтылган сунуштар иштин илимий мазмунуна терс таасирин тийгизбейт, адабий жомокторду инновациялык технологиялар менен үйрөтүүнүн методикасы багытында кыргыз педагогика илиминде ыраатуу жана учур талабына ылайык иштелип чыккан салмактуу эмгек болуп саналат. Диссертант жогорудагы мүчүлүштүктөрдү оңдоп, карап чыкса. Ушундай сунуштар менен диссертациялык ишти коргоого сунуш кылам.

**Төрага:** Сөз п.и.д., доцент М.М.Сыдыкбаевага берилет.

**Сыдыкбаева М.М.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү М.А.Кашкариеванын диссертациясы менен толук таанышып чыктым. Негизинен УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда

чагылдырылган, илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган, сабактар, тренингдер өткөрүлгөн, педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

Иште ар бир колледждер боюнча бардык адистиктерде кесиптик лексикага минимумдардын саны чыгарылса болмок. Изилдөө ишинин айрым жерлеринде сүйлөмдөр туура түзүлбөй калган учурлары кезигет. Диссертациялык иште, авторефератта бир аз техникалык каталарга жол берилген. Оңдоо керек. Көрсөтүлгөн кемчиликтерди оңдосо болот. Алар иштин жалпы аткарылыш деңгээлине доо кетирбейт. Баса белгилеп кетчү жагдай, кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары аркылуу кептик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасына арналган, толук иштелип чыккан, өтө жакшы жазылган, терен изилденген эмгек деп эсептейм.

Ишти теориялык жактан да, практикалык жактан да жакшы берген. Ишти тыкан аткарган. Экспериментти да жакшы жүргүзгөн. Ишти толук кандуу бүткөн иш катары коргоого сунуш кылам.

**Төрага:** Сөз п.и.д., профессор С.К.Рысбаевге берилет.

**Рысбаев С.К.:** Диссертация менен толук таанышып чыктым. Автореферат менен да таанышып чыктым. Иштин актуалдуулугунда талаш жок.

Талкууланып жаткан иштин структурасы логикалык ырааттуулукта мыкты түзүлгөн. Дидактиканын принциптерине ылайык жөнөкөйдөн татаалга, жеңилден оорго карай жетеленип отурган өсүү процесси бул иштин структурасынан эле көрүнөт. Диссертация абдан жакшы деңгээлде иштелген, пайдалуу эмгек болот. Ал эми айрым мүчүлүштүктөргө токтолсом:

- Изилдөөдө Кыргызстандын колледждеринде кыргыз тилин окутууда жалпы билим берүүчү орто мектептердин кыргыз тили окуу программалары колдонулары айтылганы менен, мектептин 10-11- класстарында кыргыз тилин окутуунун предметтик стандарттары менен окуу программасы тууралуу дээрлик сөз кылынган эмес, (коргоого коюлган жоболорунда көрсөтүлүп турат) изденүүчү аталган документтерди темага жараша изилдеп-талдоосу, диссертациянын 1-главасына киргизиши керек болчу;

-диссертацияда аталган предметтер колледждерде компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун учурдагы абалы, андагы ийгиликтер жана кемчиликтер жана алдыңкы тажрыйбалар (иштин актуалдуулугунда белгиленип турса да) тууралуу да бир барак сөз кылган эмес;

-диссертацияда мындай деп ачык жазылып турат: тилдик компетенция калыптанмай сайын, кептик компетенция калыптанбайт деп, бирок, эксперимент жүргүзүүдө студенттерге бир канча суроолор берилген болсо да,

биринде да кыргыз тилинин грамматикалык материалдары камтылган эмес, ал тургай, үлгү сабактарынын иштелмелеринде да эскертилген эмес;
- экинчи главада изилдөөнүн методологиясын толуктоо зарылдыгы бар, талап боюнча алганда да, бул главада изилдөөнүн методологиясы параграфта айтылбай калган же азыноолак гана сөз кылынган;
-диссертацияда көптөгөн окумуштуулардын тилди үйрөтүү, окутуу, ж.б. проблемалары боюнча мыкты ойлору шилтеме катары алынган, бирок бирине да автордук комментарийлер берилген эмес, же каршы же макул экендиги билинбейт, анткени, бир жерде: “сабакта грамматикага көп орун берилбеш керек” десе, бир жерде: “грамматиканы билбей, тилде сүлөөгө үйрөнүүгө болбойт” деп берилген, аларга автордук көз караш же талдоолор, пикирлер, жалпылоолор, мисалдар керек болчу.
Бул айтылгандар расмий коргоого чейин изденүүчү тарабынан оңдолуп-толукталат, албетте, изденүүчүнүн мүмкүнчүлүгү буга жетиштүү экендиги байкалат. Диссертациялык ишти коргоого сунуштаймын.

**Төрага:** Рахмат, Сулайман Казыбаевич. Эми, анда, талкууга өтөлү.

**Батаканова С.Т.:** М.А. Кашкариеванын диссертациясынын темасын окуп эле, өтө керектүү экендигине ынанат экенсиң. Кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде жана кыргыз тилин окутуунун практикасындагы көйгөйлүү маселелердин бири кыргыз тилин колледжерде окутуунун заманбап технологияларын иштеп чыгуу, практикага сунуш кылуу, окутуу, үйрөтүү иштерин турмуш тастыктап турат.Бул диссертациялык иш колледждердин студенттеринин коммуникативдик компетенттүүлүк негиздерин аныктоого арналгандыгы менен актуалдуу болуп турат.
Ошондуктан, Миргул Абибиллаевнанын эмгеги өтө керек. Иши да жакшы жазылган экен. Айрым мүчүлүштүктөрдү коргоого чейин оңдоп-түзөйт деп ойлоймун.

**Төрага:** Рахмат, Светлана Топчиевна. Кийинки сөз Минавар Халыковнага берилет.

**Манликова М.Х.:** Чоң рахмат. Урматтуу кесиптештер, талкууга коюлуп жаткан диссертациянын темасы актуалдуу экендиги талашсыз. Ошол эле 2-главада берилген эксперименталдык бөлүмдү карап тактоо керек. Бул нерсени коргоого чейин карап коюуга убакыт жетишээрлик деп ойлойм. Мен, эксперттердин пикирине толук кошулам. Коргоого сунуш кылам. Ошол эле учурда диссертациялык иштин жабдылышын, сапатын жакшыртууга бир катар сунуштарды айткым келип турат.

**Төрага:** Рахмат, Минавар Халыковна. Кийинки сөз Н.Б.Хасановго берилет.

**Хасанов Н.Б.**: Рахмат. Теманын актуалдуулугу, мындай иштин зарылдыгы тууралуу шек жок. Эксперименталдык иштер аябай жакшы каралган.

Диссертациялык ишти коргоого сунуштаймын.

**Төрага:** Сөз, эксперттик комиссиянын төрагасы К.Д.Добаевге берилет.

**Добаев К.Д.:** Эксперттик комиссия **жетектөөчү мекеме** катары Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин кыргыз адабияты кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин докторлору, кандидаттары жетиштүү.

**Расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат:**

**Биринчи расмий оппонент катары** К.Д. Добаевди, педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын башкы илимий кызматкери, адистиги 13.00.02 (кыргыз тили) изилдөө проблемасына жакын эмгектери бар.

**Экинчи расмий оппонент** ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын доценти, п.и.к. Жороев Ташболот Абдыкаимовичти сунуш кылат (13.00.02).

**Төрага:** Аталган оппоненттерге жана жетектөөчү мекемеге макул болгон диссертациялык кеңештин мүчөлөрү кол көтөрүп койсоңуздар.

Макул – 15, каршы жок, калыс жок.

Изденүүчү Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын «**Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары**»аттуу 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили ) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын коргоого сунушталсын дегендер кол көтөрүп койсоңуздар. Макул – 15, каршы-0, калыс-0.

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо-жоопторду жана талкууда айтылгандарды угуп, эксперттик комиссиянын бүтүмүн, добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын «**Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун**

**технологиялары**» аттуу 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин жана бүтүмү бекитилсин.

2. Изденүүчү 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили ) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын «**Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары**» аттуу 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

**Жыйындын төрагасы,**
**п.и.д., профессор:** **А. Ж. Муратов**

**Жыйындын катчысы,**
**п.и.к., доцент:** **Д. К. Омурбаева**